# Ыйык жерлер жөнүндө мыйзам керек!..

**Гүлнара АЙТПАЕВА, "Айгине" маданий-изилдөө борборунун директору:**

- Биздин максатыбыз байыркы кыргыздын маданиятын табият менен бирге кароо, мүмкүн болушунча азыркыга чейинки ачыла элек сырларды изилдөө, элден алып кайра элге чыгаруу жана биз карама-каршы караган нерселерди, маселен, билим жана илим, батыш жана чыгыш, жаңы жана эскилерди карама-каршы койбостон, алардын окшоштугун, жалпылыгын таап, аны карана билүү эле. Ушул багытта "Айгине" беш жылдан бери иштеп келе жатат. Негизги биздин ишмердүүлүк – ыйык жерлерден изилдөөгө багытталды . 2005-жылы Таластан баштаганбыз, анан Көлгө жылдык, быйыл Жалал-Абадда иштеп жатабыз.

Ыйык жерлер эмне деген суроо пайда болгондо, кыргыздар сурабай эле, өзүнөн-өзү эле түшүнүктүү нерсе катары кабылдашат. Биз көбүнчө Батыш илимпоздору менен иштешебиз, алар эң оболу, ал эмне деген суроону бергенде, даяр жоопту айтуу кыйынга турат экен.

Ыйык жер - бул өзгөчө касиет-



ке ээ. Ошол касиет аркылуу адамдарга өзгөчө таасир эткен, кандайдыр бир кайталангыс көрүнүштөргө эгедер жерлер деген аныктама жаралып жатат. Ыйык жерлердин баарында адамдар зыярат кылып, кандайдыр бир тилектер менен барып, аны орундатыш үчүн өзгөчө ырымдарды аткарышат. Биз өлкөнүн үч аймагында иштегенде 600дөн көбүрөөк адамдар , зыяраттап барган жерлер аныкталды.

Эмне үчүн ыйык жерлерге адамдар барышат? Жалпысынан айтканда бул ден соолук, иштин жүрүшү, тукумдуулуктун уланып кетиши, жакындардын бар болушу, аман-эсендиги, бейпилдиги, бирок эң негизги максаттардын бири ички руханий изденүү болот экен. Адамдар ал жерге барып көр тириликтен сырткары, бул дүйнөгө эмнеге келдик эле, бүгүн же эртең өтүп кетсек артыбызда эмне калат деген ушундай бир чоң суроолорду берип, изденүүлөр менен жүрүшөт экен. Ошону менен бирге ыйык жерлер тууралуу бир топ китептер жазылып жатат. Китептер биздин изилдөөбүзгө караганда ушул ыйык жерлерде пайда болот экен. Маселен, Бүбү Мариям эженин Манасын алсак түздөнтүз ыйык жерлерде берилет. Ошол жерге маалымат түшүп, андан кийин гана такталып кагазга түшүрүлөт. Демек, ыйык жерлердин чоң сырлары бар. Илимий тил менен толук ачып берүүгө, айтып берүүгө азыр шартыбыз чектелүү.

Көбүнчө ыйык жерлерге барганда мындай суроолор жаралат. Алардын кандай түрлөрү бар, кандай классификацияга же өзгөчө сапаттарга ээ болду экен деген. Ооба, илимий көз караш менен алганда классификациялап түрлөргө бөлүү мүмкүн экен, Эң негизги биздин байкаган классификация көрсөткүчтөрү – бул жердин касиети, пайда болушу жана пайда болгон мезгили, менчик түрү. Сөзсүз мындан тышкары да ар кандай принциптер болушу мүмкүн. Азыр адам баласы көп нерселерди түшүнө баштады. Жерден, ааламдан көп нерсени талап кылбастан, өзүң дагы аракет кылып, изилденип, ички дүйнөңдү өнүктүрсөң ошондо кандайдыр бир өзгөчө шарттар ачылышы ыктымал. Ыйык жерлердин айырмаланганына көңүл бурсак, бул анын пайда болушу. Анын эки түрү байкалат. Табигый жерлер жана адамдар тургузган жерлер болуп. Ошону менен бирге Кыргызстандагы ыйык жерлер көбүнчө аралашма табигый жана адам тарабынан тургузулган мазарлар болууда. Мисалы, Таластагы эң чоң ыйык жер Зулпукор - адам тарабынан тургузулган жер экен. Көлдүн бир чоң мазары Ак Башат дагы - адам тарабынан тургузулган байыркы ыйык жер. Алсак, Боо Терек чоң касиетке ээ болгон, дагы бир Таластын табигый ыйык жер Ысык Көлдөгү Манжыл Ата - бул аралашма ыйык жерлердин бири. Бул жерде дөбөлөр, талдар, суулар, булактар, ошону менен бирге Мойт акенин күмбөзү да ошол жерде.

Бүгүнкү күндө ыйык жерлер кимдин карамагында жана кимдин менчигинде деген маселе да бизди кызыктырды. Көбүнчө ыйык жерлер мамлекеттин менчигинде, ошону менен бирге кээ бир жерлер кандайдыр бир жеке адамдардын колуна өтүп жатат. Демек, ушундай мезгилде эмне кылуу керек деген суроо жаралат? Эгерде мурунку совет учурундагы атеистик идеологиялык мамлекеттик саясаттын кесепетинен кишилер мазарларга ачык барууга мүмкүнчүлүгү жок болчу, жашырынып түнүндө барышкан. Биз Таласта иштеп жүргөндө көптөгөн аталар, апалар айтып беришкен. Анан биз Талас жөнүндө китеп чыгарганда бир бап атайын совет учурундагы мазар басуу тажрыйбасы тууралуу жазылган. Анда өтө өкүнүчтүү окуяларды айтып беришкен. Азыр тыюу салуу , тоскоолдуктар жок.

Азыркы заман жаңы коркунучтарды, жаңы көйгөйлөрдү алып келип жатат. Эгерде ыйык жерлер ачык болсо, ыйыктыгын сезбеген, касиетти түшүнбөгөн кишилер бар. Бара-бара ыйык жерлердин тагдыры кандай болот деген суроо тулат. Эгерде чоң туристтик аймактарга айландырышса, анын шарты кандай болот деген суроолор жаралат. Ошондуктан ыйык жерлерди коргоо, ошолордун касиетин сактоо боюнча чоң маселе келип чыгып жатат. Биздин акыркы эки жылдан бери көздөп келе жаткан максат коомчулук менен бирге ыйык жерлерди коргоо, өнүктүрүү мыйзамын иштеп чыгуу. Ушул мыйзамды иштеп чыгуу милдетин мамлекет алыш керекпи же элби? Мүмкүн, мамлекет мыйзам чыгаруучу, мыйзам сактоочу күч катары туруп берсе, чоң мыйзамды ишке ашырган мамлекеттик эмес уюмдар болсо, ошондо ыйык жерлердин тагдыры, балким, чечилет беле. Эмнеси болгон күндө да ыйык – тарыхый жерлер жөнүндө мыйзамды кечикпестен кабыл алышыбыз керек деп ойлойм.